# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕМЬЕР-МИНИСТРИНИН БУЙРУГУ

*Бишкек шаары, 2016-жылдын 18-майы № 281*

"Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесине ылайык жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында коррупциялык тобокелдиктерди табууга, баалоого жана башкарууга карата бирдей ыкманы белгилөө максатында:

1. Коррупциялык тобокелдиктерди табуу, баалоо жана башкаруу боюнча методикалык колдонмо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын министрликтери жана административдик ведомстволору Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын системасындагы коррупциялык тобокелдиктердин жана мамлекеттик органдагы коррупциогендик кызмат орундарынын тизмегин түзүшсүн.

3. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын коргоо, укуктук тартип жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Премьер-министри** **С.Жээнбеков**

Тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Премьер-министринин
2016-жылдын 18-майындагы
№ 281 буйругу менен
бекитилген

## Коррупциялык тобокелдиктерди табуу, баалоо жана башкаруу боюнча МЕТОДИКАЛЫК КОЛДОНМО

### 1. Жалпы жоболор

1. Коррупциялык тобокелдиктерди табуу, баалоо жана башкаруу боюнча ушул методикалык колдонмо (мындан ары - Методикалык колдонмо) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын системасында коррупциялык тобокелдиктерди табууга, баалоого жана башкарууга карата бирдей ыкманы белгилөө максатында иштелип чыкты.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 30-мартындагы № 170 токтому менен бекитилген 2015-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы саясатынын мамлекеттик стратегиясын аткаруу боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын иш-чаралар планынын IV главасын (Коррупциялык коркунучтарды баалоо жана башкаруу аркылуу коррупциянын алдын алуу) ишке ашырууга методикалык жардам берүү максатында иштелип чыкты.

2. Методикалык колдонмодо төмөнкүдөй түшүнүктөр пайдаланылат:

- **административдик жол-жоболор** - административдик иштерди кароонун жана чечүүнүн негиздерин, шарттарын, ырааттуулугун жана тартибин аныктаган, белгиленген регламенттик ченемдер, алар өзүнө: административдик функцияларды жана ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу боюнча чечимдерди административдик органдардын кабыл алуусунун жана аткаруусунун тартибин; административдик органдардын ишин уюштуруунун тартибин; укуктарын жана

кызыкчылыктарын ишке ашыруу же коргоо боюнча жарандардын, жеке ишкерлердин жана юридикалык жактардын кайрылууларын административдик кароонун тартибин камтышат;

- **дискрециялык ыйгарым укуктар** - мамлекеттик жана муниципалдык органдардын, кызмат адамдарынын мамлекеттик жана муниципалдык органдарга же кызмат адамына өзүнүн ыктыяры боюнча кабыл алынуучу башкаруу чечиминин түрүн жана мазмунун (толук же жарым-жартылай) аныктоого мүмкүндүк берүүчү же ведомстволук актыда каралган башкаруу чечимдеринин бир нече вариантынын бирин тандоого мүмкүндүк берүүчү укуктардын жана милдеттердин жыйындысы;

- **коррупциялык тобокелдик** - бул мамлекеттик башкаруу системасында түптөлгөн аракет көрүү/аракетсиздик үчүн мүмкүнчүлүк, ошондой эле мамлекеттик органдардын кызмат адамдарын өзү же үчүнчү жактар үчүн пайда көрүү максаттарында кызмат абалын мыйзамсыз пайдаланууга же аталган жакка, башка жеке жактарга мындай пайданы мыйзамсыз берүүгө түрткү берген жагдайлардын болушу;

- **коррупциогендик кызмат орду** - коррупциянын тобокелдигине эң көп туш болуучу кызмат орду;

- **коррупциялык тобокелдиктерди баалоо** - коомдун жана мамлекеттин мыйзамдуу кызыкчылыктарына карабастан, акча, башка мүлктүк баалуулуктар же мүлктүк мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөр, башка мүлктүк укуктар түрүндө кызмат адамы сыяктуу эле үчүнчү жактар үчүн пайда алуу максаттарында кызматтык милдеттерин кыянаттык менен пайдаланууга мүмкүндүк түзүүчү, конкреттүү башкаруу процессинин жүрүшүндө пайда болуучу шарттарды жана жагдайларды (аракеттерди, окуяларды) табуу процесси;

- **коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу** - коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу же коррупцияга каршы аракеттенүү чараларын ишке ашырууда конкреттүү башкаруу процесстеринде аларды жоюу процесси.

3. Ушул Методикалык колдонмону колдонуунун жыйынтыктары төмөнкүлөр болушу керек:

- коррупциялык тобокелдикти айрыкча түзүүчү чөйрөлөрдүн тизмегин аныктоо;

- коррупциялык тобокелдиктерге жана көрүнүштөргө түрткү берген же түрткү бериши мүмкүн болгон дискрециялык ыйгарым укуктарды аткарууда укуктук жана институционалдык факторлорду табуу;

- коррупциялык тобокелдиктердин таасиринин кесепеттерин жокко чыгаруу же басаңдатуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

- коррупциогендик тобокелдиктерди башкаруу;

- мамлекеттик органдагы коррупциялык тобокелдиктердин жана коррупциогендик кызмат орундарынын тизмегин түзүү;

- коррупциянын алдын алуу боюнча чараларды иштеп чыгууда, ченемдик укуктук актыларга жана ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүүдө коррупциялык тобокелдиктердин жана коррупциогендик кызмат орундарынын тизмегин пайдалануу.

## 2. Коррупциялык тобокелдиктерди баалоонун тартиби жана коррупциогендик зоналарды аныктоо

4. Коррупциялык тобокелдиктерди баалоонун жүрүшүндө мамлекеттик органдардын административдик жол-жоболору, функциялары жана ыйгарым укуктары аныкталышы керек, коррупциялык мамилелердин предмети болгон же болушу мүмкүн болгон ченем жаратуучу ыйгарым укуктарын кошкондо. Мында төмөнкүлөргө да талдоо жүргүзүлөт:

- кызмат адамдарынын басмырлоочу ыйгарым укуктары (өзгөчө жарандар жана уюмдар менен өз ара мамилелерде);

- коррупциогендик кызмат орундарынын чөйрөсү (кызмат адамына жол-жоболук - процессуалдык мамилелерди негизсиз токтотууга же кайра жаңыртууга же жарандар жана уюмдар үчүн жагымдуу же жагымсыз башкаруучу чечимдерди тандоого мүмкүндүк берген);

- жарандардын жана уюмдардын алардын так аткарылышын татаалданткан милдеттерин ашыкча тактоо фактысы;

- коррупциялык мамилелерди түзүү мүмкүндүгүн камсыздаган жагымдуу шарттардын жана жагдайлардын болушу (же коррупциялык мамилелерге кирүүгө кызыктырган же ага мүмкүндүк ачкан);

- коррупциялык тобокелдиктердин категориялары (аларга төмөнкүлөр кирет: мамлекеттик органда иш жүзүндө болгон системалуу (реалдуу) коррупциялык схема; потенциалдуу - белгилүү шарттарда анын пайда болушу реалдуу болгон коррупциялык тобокелдик (мисалы: кандайдыр бир мыйзамсыз жеңилдиктерди берген ЧУА кабыл алуу); кырдаалдык - конкреттүү кырдаал болгон учурда пайда болушу мүмкүн болгон коррупциялык тобокелдик (мисалы: коррупциялык тобокелдик тендердик комиссиянын аракеттенүү мезгилинде гана пайда болот));

- коррупциялык тобокелдиктин жалпыга таандык практикадан (аналитикалык жана системалуу методдор, ошондой эле эксперттик аналогдордун жана баалардын методу) улам аныкталган деңгээли (төмөнкү, орточо, жогорку);

- башка мамлекеттик органдарда, иштин чөйрөлөрүндө, ыйгарым укуктарда жана кызмат орундарында каралып жаткан коррупциялык тобокелдиктин пайда болуу мүмкүндүгү;

- коррупциялык тобокелдиктердин коррупциялык схемалар менен өз ара байланышы, ошондой эле аларды түзүү предметине моделдөө.

5. Аларды жүзөгө ашырууда коррупциянын пайда болушуна өбөлгө болгон мамлекеттик органдын ишиндеги потенциалдуу коррупциогендик чөйрөлөрдүн функцияларынын тизмегин аныктоо, мында төмөнкү функцияларга милдеттүү баа берилүүгө тийиш:

- контролдоо жана көзөмөлдөө - Кыргыз Республикасынын Конституциясында, конституциялык мыйзамдарда, мыйзамдарда жана башка ченемдик укуктук актыларда белгиленген жалпыга милдеттүү жүрүм-турум эрежелеринин ченемдеринин мамлекеттик органдар, алардын кызмат адамдары, юридикалык жактар жана жарандар тарабынан аткарылышын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча аракеттерди жүзөгө ашыруу (контролдоо объекттери - белгилүү чөйрөлөрдө контролду жана көзөмөлдү жүргүзүүчү инспекциялар, ревизиялык башкармалыктар жана башкалар);

- муниципалдык жана мамлекеттик мүлктү башкаруу - мамлекеттик мүлккө, анын ичинде мамлекеттик ишканаларга жана мамлекеттик мекемелерге өткөрүп берилген мүлккө карата менчик ээсинин ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу, ошондой эле ачык акционердик коомдордун мамлекеттик менчикте турган акцияларын башкаруу;

- мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү - мамлекеттик орган, мамлекеттик бюджеттен тышкары фонддун органы тарабынан түздөн-түз же ага ведомстволук мамлекеттик мекемелер же башка уюмдар аркылуу акысыз же мамлекеттик орган жөнгө салган баа боюнча, билдирүүчүлөрдүн сурамдары боюнча Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында белгиленген чектерде ыйгарым укуктарды берүү;

- уруксат берилген жана катталган. Уруксат берилген функциялар деп мамлекеттик органда жана алардын кызмат адамдары тарабынан юридикалык жактарга жана жарандарга иштин белгилүү түрүн жана (же) конкреттүү аракеттерди жүзөгө ашырууга уруксатты (лицензияларды) берүүнү түшүнүүгө болот (күбөлүк, лицензиялар, уруксаттар, аккредитациялар). Катталган функциялар деп субъекттин укуктук статусун белгилөө, өзгөртүү же токтотуу фактыларын күбөлөндүрүү максаттарында жүзөгө ашырылуучу актыларды, документтерди, укуктарды, объекттерди каттоону түшүнүүгө болот;

- юрисдикциялык - административдик-укуктук жоопкерчиликти колдонуу максатында жүзөгө ашырылуучу мамлекеттик жана муниципалдык кызматчынын функциялары (мисалы: административдик айыптарды салуу);

- ченем жаратуучу - ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу боюнча функциялар.

6. Коррупциогендик зоналардын тизмегин аныктоодо коррупциогендик тобокелдиктердин жогорку деңгээлин камтыган функцияларга жана иштин багытына көңүл буруу зарыл, тактап айтканда:

- мамлекеттик муктаждыктар үчүн товарларды жеткирүүгө. иштерди аткарууга жана кызматтарды көрсөтүүгө тапшырыктарды жайгаштыруу (мамлекеттик сатып алуулар);

- бюджетти түзүү, аткаруу жана аткарылышын контролдоо;

- мамлекеттик жана муниципалдык менчиктин объекттерин (имараттар, курулуштар, курулмалар) башкаруу жана тескөө, анын ичинде ушул объекттердин ижарасы, акысыз пайдалануу жана менчиктештирүү маселелери боюнча;

- жер участокторун башкаруу жана тескөө, анын ичинде ушул участоктордун ижара жана сатуу маселелери боюнча;

- турак жай фондун башкаруу жана тескөө, анын ичинде социалдык, коммерциялык жалдоо, адистештирилген турак жай фондун жалдоо келишимдерин түзүү маселелери боюнча;

- мамлекеттик кепилдиктерди, бюджеттик кредиттерди, субсидияларды, субвенцияларды, дотацияларды берүү, бюджеттик карызды башкаруу;

- салыктардын жана жыйымдардын, ошондой эле үстөктөрдүн жана айып пулдардын ашыкча төлөнгөн же ашыкча төлөтүп алынган суммаларын кайтаруу же эсепке алуу жөнүндө чечимди даярдоо жана кабыл алуу;

- салыктарды жана жыйымдарды төлөөнү кийинкиге калтыруу тууралуу чечимдерди даярдоо жана кабыл алуу;

- иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо, иштин айрым түрлөрүнө уруксаттарды берүү жана ушуга окшош аракеттер;

- мамлекеттик экспертизаны жүргүзүү жана корутундуларды берүү;

- кылмыш иштерин козгоо, иликтөө;

- жаратылыш жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардын, авариялардын, өндүрүштөгү кырсыктардын, адамдардын, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн инфекциялык жана инфекциялык эмес ооруларынын, курчап турган чөйрөгө, жарандардын жана юридикалык жактардын мүлкүнө, мамлекеттик мүлккө зыян келтирүүнүн пайда болуу себептерин иликтөө;

- сот органдарында Кыргыз Республикасынын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо;

- мүлктү каттоо, мамлекеттик жана муниципалдык мүлктүн маалымат базасын жүргүзүү;

- жарандарга жана уюмдарга мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү;

- материалдык-техникалык ресурстарды сактоо жана бөлүштүрүү;

- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына дайындоо, ваканттык бош орундарга жайгаштырууга аттестацияларды, квалификациялык экзамендерди, конкурстарды өткөрүүнү жана кадрлар резервине киргизүүнү кошкондо.

Жогоруда берилген тизме толук деп саналбайт жана конкреттүү мамлекеттик органда коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо үчүн жекече мүнөзгө ээ.

7. Коррупциялык тобокелдиктердин жогорку деңгээли айрым экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдө да камтылган:

- транспорт жана жол чарбасы;

- курулуш жана капиталдык ремонт;

- жаратылыш-ресурстук жөнгө салуу;

- энергетика жана мунай газ комплекси;

- агроөнөр жай комплекси;

- турак жай-коммуналдык комплекси;

- жерди пайдалануу;

- саламаттык сактоо;

- билим берүү.

8. Тигил же бул функцияны ишке ашырууда, коррупциялык тобокелдиктер пайда болот деген маалымат төмөнкүдөй учурларда ачык көрсөтүлүшү мүмкүн:

- коррупцияга каршы комиссиянын жана этика боюнча комиссиянын жыйынынын жүрүшүндө;

- статистикалык маалыматтарда, анын ичинде Кыргыз Республикасында кылмыштуулуктун абалы жөнүндө маалыматтарда;

- "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык келип түшкөн коррупциялык укук бузуулар жөнүндө маалыматты камтыган жарандардын кайрылууларын кароонун жыйынтыгы боюнча;

- мамлекеттик кызматчыны коррупциялык мыйзам бузууга түртүү максатында кайрылуу фактылары жөнүндө жалдоочунун (иш берүүчүнүн) өкүлүнүн билдирүүлөрүн кароодо;

- коррупциялык укук бузуулар же кызмат адамдары тарабынан кызматтык жүрүм-турумга карата талаптардын сакталбагандыгынын фактылары жөнүндө "Массалык маалымат каражаттары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жалпыга маалымдоо каражаттарына келип түшкөн билдирүүлөрдө;

- укук коргоо органдары, башка мамлекеттик органдар жана алардын кызмат адамдары тарабынан берилген материалдарды кароодо.

Ушул пунктта көрсөтүлгөн булактардын тизмеги толук деп саналбайт.

## 3. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын системасындагы коррупциялык тобокелдиктердин тизмеги жана мамлекеттик органдагы коррупциогендик кызмат орундарынын тизмеги

9. Коррупциялык укук бузуу үчүн негизги болуп саналган мамлекеттик органдардагы коррупциогендик кызмат орундарынын тизмегин түзүү кызмат (эмгек) ишинин өзгөчөлүгү, жарандар жана уюмдар менен байланыштардын интенсивдүүлүгү менен пайда болгон чечимдерди кабыл алуунун эркиндигинин жогорку деңгээлин эске алуу менен ишке ашырылат. Мында мамлекеттик органдын ишиндеги коррупциогендик чөйрөлөрдү жана мамлекеттик органдын коррупциялык тобокелдиктеринин тизмегин аныктоо зарыл.

10. Кызматтык ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда кызмат адамынын коррупциялык жүрүм-турумун мүнөздөгөн белгилер болуп төмөнкүдөй аракеттер кызмат кылышы мүмкүн:

- жарандардын же юридикалык жактардын укуктарын ишке ашырууга байланышкан чечимдерди кабыл алууда маселенин чечилишин белгиленген мөөнөттөн ашык убакытка негизсиз созуу (волокита), көп сандагы кезектеги кайрылуулар болсо, өзүнчө жеке же юридикалык жакка карата кезектен тышкары тартипте маселени чечүү;

- кызмат адамынын же анын туугандарынын материалдык муктаждыктарын канааттандырууга байланыштуу жеке маселелерди чечүүдө өзүнүн кызматтык ыйгарым укуктарын пайдалануу;

- мамлекеттик кызматка кирүү үчүн мыйзамдарда каралбаган артыкчылыктарды берүү (протекционизм, үй-бүлөчүлүк);

- жалпы элдик кызматтарды көрсөтүүдө жеке жактарга, жеке ишкерлерге, юридикалык жактарга артыкчылык берүү, ошондой эле ишкердикти жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү;

- кызматтык (эмгек) милдеттерди аткарууда алынган маалыматты жеке же топтук кызыкчылыктарга пайдалануу, эгерде мындай маалымат расмий таркатылууга тийиш болбосо;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган маалыматты жеке жана юридикалык жактардан талап кылуу;

- кызматтык (эмгек) милдеттерде каралган иш-чараларды уюштуруу, пландоо жана өткөрүү маселелерин регламенттеген ченемдик укуктук, ведомстволук, локалдык актылардын талаптарынын кызмат адамы тарабынан бузулушу;

- кызматтык (эмгек) ишинин маанилүү элементи болуп саналган, кызматтык эсепке алуу жана отчёттук документтерде маалыматтарды жашыруу, бурмалоо же билип туруп жалган маалыматтарды берүү;

- маалыматтык ресурстарга уруксатсыз жетүүгө аракет кылуу;

- кызматтык (эмгек) ыйгарым укуктарынан ашкан же кирбеген, буйрук берүү мүнөзүндөгү аракеттер;

- кызматтык (эмгек) милдеттерине ылайык чечимди кабыл алууну талап кылган учурлардагы аракетсиздик;

- кызмат адамынын, анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн, жакын туугандарынын адабий, илимий, маданий чыгармаларды жараткандыгы, лекцияларды окугандыгы жана башка окутуучулук иштери үчүн негизсиз жогорку сыйакыны алышы;

- кызмат адамынын, анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн, үчүнчү жактардын негизделбеген узак мөөнөттөргө же негизделбеген төмөн ставкалар боюнча кредиттерди жана зайымдарды алуу, ушуга тете аталган жактардын банктык салымдары (депозиттери) боюнча негизделбеген жогорку ставкаларды берүү;

- ээлери же алардагы жетектөөчү кызмат орундарында кызмат адамынын туугандары олтурган ишкердик ишинин субъекттери менен тез-тез же ири бүтүмдөрдү түзүү;

- финансы-экономикалык операцияларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуу менен (адис эместерге да байкалган) жүргүзүү.

11. Жогоруда баяндалган иш-чараларды ишке ашыруунун жыйынтыгы боюнча мамлекеттик орган 1-тиркемеге ылайык формада жана үлгүдө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын системасындагы коррупциялык тобокелдиктердин тизмегин, ошондой эле 2-тиркемеге ылайык формада жана үлгүдө мамлекеттик органдагы коррупциогендик кызмат орундарынын тизмегин түзүшү жана бекитиши керек.

Аталган тизмелер мамлекеттик органдардын Коомдук кеңештеринин мүчөлөрүн жана көз карандысыз эксперттерди тартуу менен жумушчу топтордун жыйындарында тийиштүү маселени кароодон кийин мамлекеттик органдын жетекчиси тарабынан бекитилет. Жумушчу топтор мамлекеттик органдын жетекчилеринин биринин төрагалыгы алдында түзүлөт.

Мамлекеттик органдын жетекчисинин коррупциянын алдын алуу боюнча мамлекеттик органда чыгарылуучу буйругу жумушчу топтордун жыйындарын өткөрүү үчүн негиз болуп саналат.

12. Коррупциялык тобокелдиктердин тизмегине өзгөртүүлөрдү (толуктоолорду) киргизүү үчүн төмөнкүлөр негиз болушу мүмкүн:

- мамлекеттик органдын түзүмүнүн өзгөрүшү;

- мамлекеттик органга жаңы функцияларды, ыйгарым укуктарды жүктөө.

13. Коррупциялык тобокелдиктерге баа берүүнүн жыйынтыгы боюнча жылына жок дегенде бир жолу тизмелерди тактоо (оңдоо) сунушталат.

## 4. Коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу

14. Коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу (минималдоо) ар түрдүү методдор менен ишке ашат: тийиштүү коррупциялык тобокелдикти жоюудан коррупциялык схемаларды ишке ашырууну татаалдантуучу тоскоолдуктарды (чектөөлөрдү) киргизүүгө чейин.

Административдик жол-жоболорду регламенттөө төмөнкүлөргө байланыштуу коррупциянын пайда болуу тобокелдигинин деңгээлин төмөндөтүүгө мүмкүндүк түзөт:

- кызматтык ыйгарым укуктарын ишке ашырууда кызмат адамынын келип чыккан укуктук мамилелердин бекитилген максаттарына жетишүүсүнөн четтөө тобокелдиги кыйла азаят;

- башкаруучулук чечимдерди кабыл алууда кызмат адамдарынын ыктыярдуулук деңгээли төмөндөйт;

- башкаруучулук чечимдерин кабыл алуу процессине тийиштүү контролду жүзөгө ашыруу үчүн шарттар түзүлөт, бул зарылчылык болгондо чыр-чатактын күчөшүн күтпөстөн, чечимдердин катачылыгын оңдоого мүмкүндүк берет;

- ар түрдүү мамлекеттик органдардын кызмат адамдары тарабынан функциялардын бир түрдүү жүзөгө ашырылышы камсыздалат;

- коррупциялык-кооптуу функцияны ишке ашыруунун ачык модели түзүлөт.

Коррупциялык схемаларды ишке ашырууну татаалдантуучу тоскоолдуктарды (чектөөлөрдү) белгилөө катары төмөнкүдөй чараларды колдонуу сунушталууда:

- мамлекеттик органдын ичинде түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ортосунда функцияларды кайра бөлүштүрүү;

- жарандар (уюмдар) менен кызмат адамдарынын өз ара аракеттенүүсүнүн процессуалдык формаларын киргизүү жана кеңейтүү, мисалы, маалымат технологияларын кызмат ишин жүргүзүү үчүн артыкчылыктуу багыт катары колдонуу ("бирдиктүү терезе", маалыматтык электрондук алмашуу системасы);

- кызмат адамынын жарандар жана уюмдар менен жеке өз ара аракеттенүү (баарлашуу) зарылдыгын жокко чыгаруу;

- башкаруучулук чечимдерди кабыл алган комиссиялардын, жумушчу топтордун курамына киргизүү үчүн кызмат адамдарын тандоо механизмин өркүндөтүү;

- субъективдүү укуктарды жана объективдүү милдеттерди ишке ашырууну камсыздаган башкаруучулук чечимди кабыл алууга катышкан кызмат адамдарынын санын кыскартуу;

- жарандар (уюмдар) укугун ишке ашыруу үчүн берүүгө милдеттүү болгон документтердин (материалдардын, маалыматтардын) тизмегин оптималдаштыруу;

- башкаруучулук чечимдерди кабыл алуунун мөөнөттөрүн кыскартуу;

- коррупциялык-кооптуу функцияны ишке ашырууда кызмат адамынын аракеттерин көрсөтүү ыкмаларын жана мөөнөттөрүн так регламенттөөнү белгилөө;

- кабыл алынган чечимдердин жыйынтыктары жөнүндө кызмат адамдарынын отчётунун кошумча формаларын белгилөө.

Кызмат адамдары тарабынан коррупциялык укук бузууларга жол бербөө максатында ушул Методикалык колдонмодо камтылган иш-чараларды жүзөгө ашырууну төмөнкүлөр аркылуу туруктуу негизде жүргүзүү зарыл:

- текшерүү иш-чараларынын механизмине негизделген өздөрүнүн милдеттерин кызмат адамдары тарабынан аткарылышына ички контролду, ички маалымдоо системасын киргизүүнү уюштуруу. Мында текшерүү иш-чаралары киреше, мүлк жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмелер жөнүндө маалыматтардын аныктыгын жана толуктугун текшерүү сыяктуу эле, коррупциялык көрүнүштөр, анын ичинде жарандардын жана уюмдардын кайрылуулары жана арыздары жөнүндө келип түшкөн маалыматтын, жалпыга маалымат каражаттарында кызмат адамдарынын коррупциялык ишинин фактылары жөнүндө жарыялардын негизинде жүргүзүлөт;

- жарандарды жана уюмдардын өкүлдөрүн кабыл алуу жайларында видео байкоо жана аудио жазуу каражаттарын колдонуу;

- коррупциялык жүрүм-турумдун мүмкүндүгүн кыйла азайтуу үчүн түшүндүрүү жана башка иштерди жүргүзүү.

Ушул бөлүмдө көрсөтүлгөн иш-чараларды системалуу негизде жүзөгө ашыруу коррупциогендик функцияларды ишке ашыруунун конкреттүү башкаруучулук процесстеринде коррупциялык тобокелдиктерди жокко чыгарууга же аларды минималдоого мүмкүндүк түзөт.

15. Иши коррупциялык тобокелдиктерге байланышкан кызмат адамдары жана мамлекеттик кызматчылар тарабынан кызматтык милдеттердин аткарылышына мониторинг жүргүзүүнүн (мындан ары - мониторинг) негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- кызмат адамынын аракеттеринин кызматтык жүрүм-турумдун белгиленген ченемдеринен, эрежелеринен четтөөсүн өз убагында аныктоо;

- кызматтык ыйгарым укуктарын талаптагыдай эмес аткарууга же ашып кетүүгө көмөк көрсөткөн факторлорду табуу жана талдоо жүргүзүү;

- кызмат адамынын ишинде коррупциялык тобокелдиктерди минималдоо же жокко чыгаруу боюнча сунуштарды даярдоо;

- коррупциялык тобокелдиктердин тизмегин жана мамлекеттик органдарда коррупциялык кызмат орундарынын тизмегин оңдоо.

Мониторинг кызмат адамынын коррупциялык ишинин фактылары жана белгилери жөнүндө маалыматты чогултуу жолу менен жүзөгө ашырылат.

Аталган маалымат мамлекеттик органдын Интернет түйүнүндөгү расмий сайтында, ошондой эле кызмат адамдары менен өз ара аракеттенүү тажрыйбасына ээ жактардан жана уюмдардан электрондук почтаны, телефондук жана факсимилдик байланышты колдонуу менен сурамжылоо жүргүзүү жолу менен чогултулушу мүмкүн.

Мониторингди жүргүзүүдө:

- иши коррупциялык тобокелдиктерге байланышкан кызмат адамдарынын коррупцияга каршы жүрүм-турумун мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдүн топтому түзүлөт;

- коррупциялык көрүнүштөр жөнүндө маалыматты камтыган документтерди, башка материалдарды изилдөө максатында мамлекеттик органдын түзүмдүк бөлүмдөрү, башка мамлекеттик органдар жана уюмдар менен өз ара аракеттенүү камсыздалат.

Мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы төмөнкүлөр болот:

- кызматтык милдеттерин аткарууда кызмат адамы тарабынан кызматтык жүрүм-турумуна карата талаптардын жана (же) кызыкчылыктардын кагылышын жөнгө салуу тууралуу талаптардын сакталбагандыгы жөнүндө материалдарды даярдоо;

- кызмат адамынын ишинде коррупциялык тобокелдиктерди минималдоо же аларды жокко чыгаруу, ошондой эле коррупциялык тобокелдиктердин тизмегине жана мамлекеттик органдагы коррупциогендик кызмат орундарынын тизмегине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды даярдоо;

- мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары жөнүндө мамлекеттик органдын жетекчилигине ар жылдык баяндамалар.

## Корутунду

16. Ушул Методикалык колдонмону натыйжалуу ишке ашыруу максатында төмөнкүлөр сунушталат:

- ар бир мамлекеттик органда коррупциянын алдын алуу боюнча консультациялык-кеңеш берүүчү органды түзүү;

- мамлекеттик орган тарабынан коррупциялык тобокелдиктерди баалоо, өз функцияларын ишке ашырууда пайда болгон коррупциялык тобокелдиктерди минималдоо боюнча иш-чараларга мониторинг жүргүзүү жана алардын аткарылышы жөнүндө маалыматты мамлекеттик органдын жетекчилигине туруктуу негизде жеткирүү.

17. Мамлекеттик орган функцияларын ишке ашырууда пайда болгон коррупциялык тобокелдиктерди баалоого, мамлекеттик кызматта коррупциогендик кызмат орундарынын тизмегин оңдоого байланыштуу маселелер, ошондой эле иши коррупциялык тобокелдиктерге байланышкан кызмат адамдарынын кызматтык милдеттерди аткаруусуна мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары консультациялык-кеңеш берүүчү органдын жыйындарында жылына жок дегенде бир жолу каралат.

18. Мамлекеттик органдар тарабынан коррупциялык тобокелдиктерди баалоо, өз функцияларын ишке ашырууда пайда болгон коррупциялык тобокелдиктерди минималдоо боюнча иш-чараларга мониторинг жүргүзүү жана алардын аткарылышы жөнүндө маалымат жетекчиликке билдирилет.

1-тиркеме

Форма

Бекитемин

____________________________

2016-ж. "__" _____________

## Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын системасындагы коррупциялык тобокелдиктердин ТИЗМЕГИ

| № | Мамлекеттик органдын функциялары/ кызматтык ыйгарым укуктары(*) | Түзүмдүк бөлүм(*) (коррупциялык тобокелдик бар кызмат орду) | Коррупциялык тобокелдик(**) | Коррупциялык тобокелдиктин категориясы: системалуу (реалдуу), потенциалдуу, кырдаалдык | Коррупциялык тобокелдиктин деңгээли (нөлдүк, төмөнкү, орточо нөлдүк) | Коррупциялык тобокелдик бир гана органдын ишине таандыкпы же ал бир нече мамлекеттик органдардын ишин камтышы мүмкүнбү? | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Уруксат берүү функциясы | | | | | | | |
| 1 | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| Кызмат көрсөтүү функциясы | | | | | | | |
| 1 | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | |
| | | | | | | | |

Эскертүү:

(*) - мамлекеттик орган жөнүндө бекитилген жобого ылайык.

(**) - коррупциялык көрүнүштөр болгон мисалдарды көрсөтүү менен коррупциялык тобокелдиктин аракетинин механизмин, анын ичинде келечекте мындай көрүнүштөрдүн иш жүзүндө болуу мүмкүндүгүн так сүрөттөө зарыл.

Үлгү

## Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигиндеги коррупциялык тобокелдиктердин ТИЗМЕГИ

| № | Мамлекеттик органдын функциялары/ кызматтык ыйгарым укуктары(* | Түзүмдүк бөлүнүш (коррупциялык тобокелдик бар кызмат орду) | Коррупциялык тобокелдик | Коррупциялык тобокелдиктин категориясы: системалуу (реалдуу), | Коррупциялык тобокелдиктин деңгээли (нөлдүк, төмөнкү, орточо | Коррупциялык тобокелдик бир гана органдын ишине таандыкпы же ал бир нече | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **)** | | | **потенциалдуу, кырдаалдык** | **нөлдүк)** | **мамлекеттик органдардын ишин камтышы мүмкүнбү?** | |
| **Уруксат берүү функциясы** | | | | | | | |
| 1 | Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоого жана импорттоого лицензияларды берүү | Соода саясатын башкаруу | Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоого жана импорттоого лицензияларды берүүдөн негизсиз баш тартуу;<br>арыз берүүчүнүн чечимди даярдоо жана кабыл алуу процессинин катышуучулары менен түз байланышуу мүмкүнчүлүгү бар;<br>кайрылууларды мыйзамдарда максималдуу белгиленген мөөнөттөрдө кароо | Кырдаалдык | Төмөнкү | Бул тобокелдиктер лицензияларды жана башка уруксат берүүчү документтерди берүүгө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ишине таандык болушу мүмкүн | |
| 2 | Экспорттук контролдоо жаатындагы чараларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу | Соода саясатын башкаруу | Экспорттук контролдоо чараларын иштеп чыгууда катуу талаптарды белгилөө;<br>чечимди кабыл алган адамдардын жоопкерчилигинин жоктугу;<br>конкреттүү субъекттер боюнча талаптарды | Кырдаалдык | Орточо | Бул тобокелдиктер лицензияларды жана башка уруксат берүүчү документтерди берүүгө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ишине таандык | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | иштеп чыгуу | | | болушу мүмкүн | |
| ... | ... | ... | ... | ... | ... | ... | ... |

2-тиркеме

Форма

Бекитемин

___________________________

2016-ж. "__" _____________

**Мамлекеттик органдагы коррупциогендик кызмат орундарынын ТИЗМЕГИ**

_______________________________________________

(мамлекеттик органдын аталышы)

| **Коррупциялык тобокелдик бар кызмат орду(*)** | **Кызматтык ыйгарым укуктар(**)** | **Коррупциялык тобокелдик(***)** | **Коррупциялык тобокелдиктердин деңгээли(****)** |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

Эскертүү:

(*) - штаттык расписаниеге ылайык;

(**) - ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүгө, Түзүмдүк бөлүм жөнүндө жобого, кызматтык нускамаларга ылайык;

(***) - кызматтык ыйгарым укуктарды аткарууда коррупциялык тобокелдиктердин пайда болушу мүмкүн болгон мамлекеттик органдын иш чөйрөсү;

(****) - коррупциялык тобокелдиктердин деңгээли:

- жогорку;

- орточо;

- төмөнкү.

Үлгү

**Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигиндеги коррупциогендик кызмат орундарынын ТИЗМЕГИ**

| **№** | **Коррупциялык** | **Кызматтык** | **Коррупциялык** | **Коррупциялык** |
|---|---|---|---|---|

| | тобокелдик бар кызмат орду | ыйгарым укуктар | тобокелдик | тобокелдиктердин деңгээли |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Соода саясаты башкармалыгынын тарифтик эмес жөнгө салуу жана экспорттук контролдоо бөлүмүнүн башчысы | Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоого жана импорттоого лицензияларды берүү | Түздөн-түз байланышууда макулдашуу мүмкүндүгү;<br>документтерди берүүнүн толуктугу жана мөөнөтүнө карата ар кандай арыз берүүчүлөргө "катуу" жана "жумшак" талаптарды коюу мүмкүндүгү;<br>документтерди кароону жана чечимдерди даярдоону "тездетүү" же "кечиктирүү" мүмкүндүгү | Орточо |
| 2 | Министрликтин тендердик комиссиясынын мүчөсү | Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин керектөөлөрү үчүн товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | Жеке кызыкчылыктардын болушу (кызыкчылыктардын кагылышы);<br>муктаждыктарды адекваттуу баалоонун жоктугу, бюджетти жана сатып алуунун жол-жобосун натыйжасыз пландоо;<br>эки жактуу мааниде кабыл алууга түрткү берүүчү так эмес мүнөздөмөлөр же бир конкреттүү компаниянын продуктусун сүрөттөөчү мүнөздөмөнү түзүү;<br>жеңүүчүнү тандоонун түшүнүксүз, объективдүү эмес же кечигип ачыкка чыккан критерийлери;<br>тооруктардын катышуучуларынын сатып алуулар жөнүндө маалымат алуусунун ыраатсыздыгы;<br>катышуучулардын текшербестен, күн мурунтан баалоосуна түрткү берүүчү | Жогорку |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | кызыкчылыктардын кагылышуусу;<br>түзүлгөн контракттын аткарылышына контролдун жетишсиздиги (бул негизинен сапатка жана убактылуу алкактарга тиешелүү) | |
| ... | ... | ... | ... | ... |